8

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
АК ТАЛАА РАЙОНУ
КЫЗЫЛ БЕЛЕС
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
АК ТАЛИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КЫЗЫЛ БЕЛЕССКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

**Кызыл Белес айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги сессиясы**

**« 30 » июнь 2022-жыл** **Кадыралы айылы**

## ТОКТОМУ № VIII

**Кызыл Белес айыл аймагынын айыл өкмөтүндө үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тиртипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө типтүү жобону бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамына ылайык күн тартибиндеги Кызыл Белес айыл аймагынын айыл өкмөтүндө үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тиртипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө типтүү жобону бекитүү жөнүндө маселесин карап жана талкуулап Кызыл Белес айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумдарды эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү чаралар жөнүндө" №54 Жарлыгы аткарууга жана жетекчиликке алынсын.
2. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумдарды эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү жөнүндө типтүү жобо бекитилсин (Жобо тиркелет).
3. Кабыл алынган жобо калктын калың катмарына жеткирилсин жана аткарууга алынышы боюнча тыкыр көзөмөлгө алынсын.
4. Жобонун негизинде иш алып баруу айыл өкмөтүндө түзүлгөн комиссияга тапшырылсын.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө социалдык, маданий маселелер тармагы ( анын ичинен:билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт, жаштар, туризм, миграция, калктын социалдык абалы) боюнча тармактык комиссияга милдеттендирилсин.

Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

Кызыл Белес айылдык
Кеңештин торагасы: Б.Шерматов

Жиберилди иш кагазына:

8

**БЕКИТЕМИН:**

**Кызыл Белес айылдык кеңешинин**

**төрагасы:_____________Б.Шерматов.**

**30-июнь 2022-жыл.**
**Кызыл Белес айылдык кеңешинин**
**30-июнь 2022-жылдагы №VIII токтому**
**менен бекитилди.**

**Кызыл Белес айыл аймагынын айыл өкмөтү боюнча үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тиртипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө типтүү жобону күчүнө киргизүү жөнүндө жобону күчүнө киргизүү тартиби**

**1.** Айыл аймакта жарандардын-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарды тиртипке келтирүү үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен төмөндөгү курамда комиссия түзүлөт.
-Айыл өкмөтүнүн кызматкери
-Маданият тармагынын кызматкери, айылдык кенештин депутаты
-Участкалык инспектор
- Аялдар кенешинин төрайымы
-Айылдык имам

**2.** Жободогу колдонулган түшүнүктөр:
**2.1.** Жободо төмөндөгү түшүнүктөр колдонулду:

**Бешик той**-бала төрөлгөндөн кийин, төрөлгөн учурда бешикке салынып, бөлөнөт. Ошол учурда кыздын ата-энеси небересин бешикке салуу максатында бешик жасап, алып барат.

**Тушоо кесүү**- бала каз-каз туруп, өз алдынча кадам койгон мезгилде жана кадам шилтеп басып калган учурда, чалынып жыгылбай тез басып кетүүсүн тилек кылып, баланын аягын жип менен тушап, жеткинчек балдардан тартып чуркаганга чейин жараган аксакалдардан бери кандайдыр бир аралыктан чуркатып, балага биринчи жетип келген жаран, баланын тушоосун кесип, чалынбай тез басып кет деген тилек менен колунан жетелеп чыгат. Тушоо кескен жаранга белек берилет.

**Сүннөт той**- эркек бала 5-7 жашка чыккан мезгилде сүннөткө отургузуу , ата-эненин парзы экен. Ошол учурда атайын сүннөт той өткөрүүлөр болуп жатат.

**Үйлөнүү үлпөт той жана Кыз узатуу той**- бала жана кыз балакатка жеткен учурда, өз каалоолору менен менен үй-бүлө курууга баш кошуп, турмуш жолуна аттанышат. Ошол учурда, баланы үйлөнтүү, кызды узатуу той берилет.

**Мааракe той**- адам баласы кандайдыр бир белгилүү жашка толгон учурда белгилеп берилүүчү той.

**Жаңы үйгө кирүүдө той**-адам баласы жашоосунда баш калкалоо үчүн турак-жай салып, аны күндөлүк турмушта жашоо үчүн пайдаланып келет. Жаңы турак жайга кирген учурда берилүүчү той.

**Маркумду акыркы сапарга узатуу, маркумдун үч күнүн, кырк күнүн, айт күндөрүндө, жылын эскерүү чаралары жана башка эскерүүлөр**-маркумду эскерүүгө арналган салттар.

**Маркумдун ашын берүү**-маркумду эскерүү үчүн кандайдыр бир мезгилден кийинки салт.

**3.**Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумдарды эскерүү үрп-адаттарын өткөрүү тартиби

**3.1.** Үй-бүлөлүк салтанаттарга тушоо кесүү той, балдарын сүннөткө отургузуу, үйлөнүү, кыз узатуу, үй той, куда тосуу, туулган күнүн белгилөө, маарaке салтанаттары жана башка салтанаттар кирет.

## А) Үйлөнүү тойлору боюнча

-той кечки саат 18.00дөн кечиктирилбестен башталып, түнкү саат 23.00дө бүтүүгө тийиш.
-тойго чакырылыгандардын саны чектелбейт, бирок ысырапкерчиликке жана ашыкча чыгымсыз өткөрүү сунушталат.
-жаш жубайлардын жарандык абалын жаздыруу актысына (ЗАГС) чыгууга жана башка иш чараларына (сейилдөөгө чыгууга) авто унаалардын саны 3 бирдиктен ашпоого тийиш
-Үйлөнүү тоюн алып баруучуга улуттук каада салттарга туура келбеген маданиятсыз оюн зоокторду өткөрүүгө тыюу салынат.

## Б) Кыз узатуу аземи боюнча

-кыз узатуу той үйдө өткөрүлөт жана элдин батасы менен күндүзү узатылат. Үй шартына жараша кафеде өткөрүүнү каалагандар үчүн кафеде өткөрүүгө тыюу салынбайт, бирок ашыкча ысырапкерчиликке жол берилбей, күндүзү 18.00 гө чейин бүткөрүлөт.
- кыз, күйөөгө өкүл ата, өкүл апа белгилөөдө көптөгөн себет жана кийим кече кылууга , кой союуга чектөө киргизилет.
- кызды турмушка чыгарууга калың жана мүчө алууга , сеп берүүгө чектөө киргизилет жана куда тосууда түштөндүрүү берүүгө тыюу салынат.

В) Юбилейлик тойлор боюнча

-атаандашуусуз, ысырапкерчиликсиз, аз сандагы коноктордү чакыруу менен үйдөн өткөрүү сунушталат.
-кафеде өткөрүүгө тыюу салынбайт, бирок конокторддун саны 200дөн ашпоого тийиш.
-той кечки саат 18.00 дөн кечиктирилбестен башталууга жана түнкү саат 23.00дө бүтүүгө тийиш.

## Г) Сүннөт той, тушоо той, жентек жана башка майда салттуу тойлор.

-тойлорду үйдө чакан туугандар менен өткөрүүнү колдоого алуу
-кафеде өткөрүүгө тыюу салынбайт, бирок күндүзгү саат 18.00гө чейин бүтүүгө тийиш.

## Д) Салтта жок шаан-шөкөттөрдү өткөрүү боюнча

-сыйлык, чин, наам, илимий жана кесиптик даража алганын белгилөө, класстап, бир туугандар, бажалар, кудалар, келиндер, аялдар отуруштары, мектепти, окуу жайды аяктагынына 5-10-20 жылдык кечелер тар чөйрөдө өткөрүлөт жана ири деңгээлде кафе, тойканаларда өткөрүүгө тыюу салынат.
**3.2**. Маркумду акыркы сапарга узатуу жана эскерүү үрп адаттарына үчилик, жетилик, кыркылык, жылдык өткөрүү, аш берүү жана сөөк коюу ырым-жырымдары кирет.
-маркумду акыркы сапарга узатууга келгендердин саны чектелбейт.
-маркумду акыркы сапарга узатууда ысырапкерчилик кылууга жол берилбейт:
( дасторконго мөмө жемиш, салат ж.б ашыкча нерсе коюлбайт)
-маркумду акыркы сапарга узатууда сөөк чыккан жерде мал жандык союлбайт.
-алыстан келген меймандар, куда сөөктөр үчүн кошунасынын же жакын тууганынын үйүндө 2(эки) майда жандык же 1(бир) бодо мал союу менен узатылат.
-үчилик, жетилик, кыркылык өткөрүүдө дагы 2 (эки) майда жандык же 1(бир) бодо мал союу менен өткөрүлөт.
-мүмкүнчүлүккө жараша каалаган учурда маркумга куран окутуу өткөрүү
-жыртыш берүүгө тыюу салынат
-сөөк коюуда жана аза күтүүдө спирт ичимдиктерин ичүүгө, мас абалында келүүгө тыюу салынат
-аза күткөн, кайгыга кабылган, жакыр, жетим-жесир абалдагы үй-бүлөлөргө кайрымдуулук иштерин уюштуруп, акча каражат жагынан жардамдарды берүү колдоого алынат.
-мүрзөгө эстелик тургузулбайт( арзан материал менен белги коюлсун).
-аш берүүгө жакын туугандары менен ысырапкерчилик жана ашыкча чыгым келтирбей каралсын. Ал эми аталган иш чараларды болтурбоо жана аталган иш-чарага каралган

каражатты жумшоо максатында , анын ордуна айылга таза суу чыгарууну. жолду асфальттоону, шагыл төгүүнү, жарыктандырууну, тротуар салууну, калктын аярлуу катмарына жардам берүүнү, маарекенин ээсине сунуш кылынат.

## 4.Жобону аткаруу боюнча иш чаралар

**4.1.** Жобону аткарууну көзөмөлгө алуучу органдар:
- Кызыл Белес айыл аймагынын айыл өкмөт башчысынын буйругу менен бекитилген жергиликтүү комиссиянын өкүлдөрү:
-Милициянын участкалык инспектору
Кызыл Белес айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү айылдык кеңешинин социалдык, маданий маселелер тармагы ( анын ичинен:билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт, жаштар, туризм, миграция, калктын социалдык абалы) боюнча тармактык комиссия жободогу талаптардын аткарылышын жана сакталышын камсыз кылуу боюнча иш пландарды иштеп чыгат. Бекитилген иш пландарына ылайык жободо белгиленген тартиптерди сактоо боюнча калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзөт.
-Аймактык комиссия бул иште жалпы жетекчилик кылат. Жобонун аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумдарды эскерүү үрп адаттарын өткөрүү боюнча алдын ала тажрыйбаларды жалпылайт жана аларды жайылтуу боюнча тиешелүү иштерди жүргүзөт.
Кызыл Белес айыл аймагындагы милициянын участкалык инспектору жобонун аткарылышы боюнча көзөмөл жүргүзөт.
-конок берүүгө жана багууга, көк бөрү (улак тартыш) оюнун өткөрүүдө ири өлчөмдө байгелерди сайууга ) автоунаа, жылкы, ири мүйүздүү мал, кой-эчки, килем, кымбат баалуу буюмдар) чектөө салынат. Байгесине кымбат эмес жана аз өлчөмдөгү буюм-теримдерди сайуу сунушталат.

## 5. Жобонун талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

**5.1.** Жобонун тартиптери бузулган учурда ар бир жаран Кызыл Белес айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү социалдык, маданий маселелер тармагы ( анын ичинен:билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт, жаштар, туризм, миграция, калктын социалдык абалы) боюнча тармактык комиссиясынын төрагасына маалымдайт.
**5.2.** Жергиликтүү комиссия мүчөлөрү үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумдарды эскерүү үрп адаттарын өткөрүп жаткан жерлерге чогуу барып, түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, иш-чара өткөрүп жаткан адамга жобонун талаптарын тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат. Жобонун аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт. Жобонун талаптары бузулган учурда акт түзүлөт, ал тууралуу комиссияда маселени карайт, талапты бузган адамдарга карата чараларды (а.и коомдук уяткаруу чарасы) көрөт.
**5.3.** Айыл аймагынын айыл өкмөтүндө үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумдарды эскерүү үрп адаттарын өткөрүү боюнча типтүү жобонун талабын бузгандыгы үчүн жарандарга айыл өкмөтү тарабынан чаралар көрүлөт.